**«Кайда элең?»**

Сөзү: Дүйшөкеев Сакен

Обону: Исаков Саватар

Мурунураак жетсем го тилегиме,
Жүрбөйт белем жылынып илебиңе.
Сугун арткан кыздарга урундурбай,
Сени катып алмакмын мен жүрөгүмө.
Жолго чыксаң бирге сен сапарымда,
Бассам бирге жүрөсүң катарымда.
Айтчы деги сезбейсиң оюмдасың,
Жадакалса мен уктап жатаарымда.
Караанынды көргөнүмдө толкунданам,
Деги кимдер гүлдөргө кол сунбаган.
Айтчы деги кайда элең көрбөдүм го,
Мен селки ай, кезимде солкулдаган?